**УДК 373.2**

***Оролов С., Мамыраева Ж., Акылбек кызы Н.***
*Оролов Султан – аспирант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Мамыраева Жамал – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Акылбек кызы Нарынкүл – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТАРДЫН ОКУУЧУЛАРЫН КӨНДҮМДӨРҮН БААЛОО СИСТЕМАСЫ

# СИСТЕМА ОЦЕНКИ НАВЫКОВ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ

# SYSTEM OF ASSESSMENT OF SKILLS OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS

***Аннотация.*** *Макалада алардын окуу көндүмдөрүн объективдүү контролдоо жана ийгиликтүү окутуу үчүн окуучулардын түрткү берүү максатында мамлекеттик стандартты ишке ашыруунун алкагында башталгыч мектепте баалоо системасын изилдейт.*

***Аннотация.*** *В статье исследуется система оценки в начальной школе в рамках реализации государственного стандарта с целью объективного контроля их навыков чтения и мотивации учащихся к успешному обучению.*

***Abstract.*** *The article examines the evaluation system in primary school within the implementation of the state standard with the aim of objective control of reading skills and motivation of students for successful learning.*

***Ачкыч сөздөр:*** *баалоо, критерий, рейтинг.*
***Ключевые слова:*** *оценка, критерий, рейтинг.*
***Keywords:*** *evaluation, criterion, rating.*

Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2040-жылга чейин өнүктүрүү Концепциясында окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун жаңы системасын киргизүү, алар тигил же бул сабактан алган билимдеринин деңгээлин эле эмес, ар бир окуучунун негизги жана предметтик кандай компетенттүүлүктөргө ээ болгонун көрсөткөн индивидуалдуу деңгээлин аныктоо зарыл экендиги көрсөтүлгөн [40].

Учурда мектептик билим берүү системасынын мазмуну жаңы концептуалдык негизде жаңы социалдык-экономикалык мамилелердин талаптарын эске алуу менен жаңыланууда жана өркүндөтүлүүдө. Мектептик билим берүүнү стандартташтыруу өз кезегинде предметтик билим берүүнү, билим берүү процессин, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун усулдарын жана каражаттарын жаңылоого талап коет. Баалоо кайтарым байланыш функциясын аткруу менен окутуунун натыйжалуулугун жогорулатат. Эгер мугалим окуучунун өнүгүүсүн көргүүгө аракет жасаса, анда окуучу мугалимдин бул аракетин баалайт жана алдыга умтула баштайт.

Диагностук баа берүү окуучунун прогрессине баа берүү үчүн колдонулат - окуу жылынын ичинде мугалим окуучулардын компетенттүүлүгүнүн калыптанышынын баштапкы деңгээлин жетишилген натыйжалар менен салыштырууну жүргүзөт. Диагностук баа берүүнүн натыйжалары сыпаттама түрүндө катталат, алар жалпыланат жана мугалим үчүн окутуу милдеттерин жана окуучулар үчүн окуу милдеттерин коюу жолу менен окуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүү жана өркүндөтүү үчүн негиз болуп, кызмат кылат.

Формативдик (калыптандыруучу) баа берүү материалды өздөштүрүшүнүн жекече өзгөчөлүктөрүн (ишти аткаруу темпи, теманы өздөштүрүү ыкмалары ж.б.) эске алуу менен окуучунун прогрессин аныктоо, ошондой эле ийгиликтерге жетишүү үчүн рекомендацияларды иштеп чыгуу максатында колдонулат. Мугалим формативдик баа берүүнү окутууну өз убагында коррекциялоо, пландаштырууга өзгөртүүлөрдү киргизүү, ал эми окуучулар - алар аткарган иштин сапатын жакшыртуу үчүн пайдаланат. Окуучунун прогресси окуучу аткарган конкреттүү иштин негизинде билим берүү чөйрөсүнүн алкагында окутуу максаттарында түптөлгөн белгилүү натыйжаларга жетишүү катары аныкталат. Журналга белги коюу менен мугалим окуучунун жекече прогрессине көз салууну белгилейт.

Жыйынтык баа берүү окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн жардам берет жана учурдагы, аралык жана жыйынтыктоочу баа берүүдөн келип чыгат.

Компетентүүлүк окуу процессинде жана мектептен сырткаркы учурларда окуучулардын ар кан-

дай ишмердүүлүгүнүн негизинде калыптанат (билим берүү, социалдык). Ошондуктан мектептин негизги милдеттеринин бири бул- окуучулар жашаган жана окуган жеринде билим берүү маданий чөйрөсүн калыптандыруу болуп эсептелет. Окуучуларды практикалык иштерге даярдоодо алардын өз алдынча ишмердүүлүгүн окуудан жана окууда сырткаркы мезгилдерде окуу, илимий-изилдөө, долборлоо иштери үчүн ылайыктуу шарттарды түзүү болуп эсептелет. Ал шарттар:

– окуу процессин уюштуруу окуучунун өз алдынча иштөөсүнө, натыйжалуулугуна, жоопкерчилигине багытталышы зарыл;

– окуучулар окуу процессинде ар кандай изилдөө, долборлоо, социалдык, класстан тышкарык иштерге тартылууга багытталышы зарыл;

– окуучулардын тажрыйбаларды жүргүзүүгө жана максаттарга жетиши үчүн окуу кырдаалдары түзүлүшү керек;

– баалоонун негизинде окуучулардын жеке билим алуу жетишкендиктери белгиленип, оңдотулуп турушу керек;

– мектептин педагогдору окуу-тарбия процессинде билим берүүнүн компетенциялык багытын көрсөтө алуусу керек.

Формативдүү (калыптандыруучу) баалоо – бул ар бир тапшырмадан кийин күн сайын баалоонун критерийлеринин негизинде сабактын максатына ылайык өзүн-өзү ( өзүн-өзү баалоо барагы), бири-бирин баалоо («Кол чабуулар», «Эки жылдыз бир каалоо») баалоо аркылуу мугалимдин баалоосу жана кайтарым байланышы. Калыптандыруучу баалоодо мугалим дайыма окуучунун окутуунун максатын, милдеттерин жана критерийлердин негизинде баалоону түшүнгөндүгүнө байкоо жүргүзүп туруусу керек. Бул милдетти мугалим иш жүзүндө аткаруу үчүн баалоонун критерийлерин окучу менен биргеликте иштеп чыгуусу керек. Баалоонун критерийлерин окуучу менен биргеликте чогу иштеп чыгуу окуучунун баалоого болгон мамилеси өзгөрүп, окутуунун сапатын жогорулатууга шарт түзөт. Баалоонун критерийлерин иштеп чыгууда дайыма сабактын мазмунун жана максатын эстен чыгарбоо керек :

1. Окуучуларга сабактын темасын окуп-үйрөнүүнүн алдында, сабактын максатны, милдеттерин жарыялоо

2.Окуучулардан баалоонун 1-2 критерийин жазууну сурануу

3. Тактага окуучулардын берген критерийлерин жазуу

4. Мугалим окуучулардын критерийлерди түшүнгөндүгүнө ынануу

5. Критерийлерди мааниси боюнча тартип менен жазуу

Баалоонун критерийлери канчалык так болсо, ошончолук деңгээлде окуучулар тапшырманы ийгиликтүү аткарышат. Критерийдин негизинде баалоонун технологияларын билүү менен бирге мугалим төмөндөгүлөрдү билүүсү зарыл:

- окутуулучу теманын репродуктивдүү, продуктивдүү, креативдүү деңгээлдеги күтүлүүчү натыйжаларын так билүүсү;
- конкреттүү сабакта окуучу эмнелерди билүүсү жана эмнелерге үйрөнүүсү керектигин бөлүп алуу;
- окутуунун ыкамаларын тандоо;
- тапшырмаларды иштеп чыгуу;
- окуучулар менен биргеликте баалоонун критерийлерин иштеп чыгуу.

Формативдик баалоонун техникаларынын мисалдары:

Техникалар: «Кол менен сигнал берүү», «Чоң манжа», «Светофор» «Кубик», «Плюс-минус-кызыктуу, таблицалар: “Билем – кызыгам – жасай алам”, “Смайликтер”, “Ийгиликтин тепкичи”, “Пирамида”, “Ийгиликтин дарагы”, “БББ” ж.б.

Бири-бирин баалоо үчүн «Ички жана сырткы айлана» жана «Кыймылдуу жуптар”, «Эки жылдыз бир каалоо». Мындан сырткары калыптандыруучу баалоодо окуучулардын өзүн-өзү баалоо жакшы мисалдардын бири болуп эсептелет. Бул баалоону өткөрүү окуучуларга суроо-тапшырмалардын карточкасы сунушталып, алар аткаргандан кийин туура жооптордун ачкычтары берилет дагы окуучулар өздөрүнүн катасын өздөрү таап комментарияларын берет.

Баалоонун критерийлери ишетлип чыккандан кийин аларга тиешелүү балл-дескрипторлор берилип, мугалим тараптан алдына ала иштелип чыгат. Сабактын учурунда мугалим алдына ала иштелип чыккан баалоонун критерийлерин ватман кагазга же класс тактасына жазып, окуучулар менен макулдашуусу зарыл.баалоонун критерийлери баалоонун бардык түрлөрүндө (сумматиивдик, формативдик, диагностикалык) колдонулат.

*Суммативдик баалоо*. Мугалим суммативдик баалоо жүргүзүү үчүн төмөндөгү алгоритм менен баалоонун инструментин иштеп чыкса болот:

1) окуу программасындагы темаларды, бөлүмдөрдү окуп чыгуу;

2) окутуунун максатына жана ой жүгүртүүнүн деңгээлдери (Б.Блумдун таксономиясы) боюнча баалоонун критерийлерин аныктоо;

3) окутуунун максатына жана ой жүгүртүүнүн деңгээлдери (Б.Блумдун таксономиясы) боюнча бир же бир нече тапшырмаларды жана баалоонун критерийлерин;

4) ар бир тапшырмага дескрипторлорду аныктоо.

Теманын, бөлүмдүн аягында жүргүзүлүүчү суммативдик баалоо – бул кандайдыр бир теманы окуп-үйрөнүүдөн кийин окуучулардын жетишкендиткерин баалоо жана аны сабакта 15-20 минута ичинде жүргүзүү сунушталат ичинде.

Жаңы стандарттарды окуу процессине киргизүүнүн шарттарында окутуунун натыйжаларын баалоодо принципиалдуу өзгөрүүлөргө учурайт. Анткени, учурдагы баалоо системасында көптөгөн кемчиликтергее ээ. Бул кемчиликтер окутуудагы баалоо системасындагы ачыктыкты жана негиздүүлүктү камсыз кылуучу дифференцирленген баалоонун критерийлеринин жана стандарттарынын жокутугу менен түшүндүрүлөт.

Ошондуктан учурдагы мамлекеттик стандарттагы окуучулардын жетишкендиктерин баалоо боюнча талаптар маанилүү болуп эсептелет. Баалоо боюнча жл аралык тажрыйбалар баалоо төмөндөгү эки критерийге таянуу керек экендигин көрсөтүүдө: 1. Баалоонун максаттарынын так болушун 2. Баалоонун критерийлеринин бул максаттарга дал келишин.

**Адабияттар:**


1. 2021-2040-жылдары Кыргыз Республикасында билим берүүнү өнүктүрүү программасы http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ky-kg/158227

2. Кыргыз Республикасында билим берүүнү 2020-жылга чейин өнүктүрүү Концепциясы [Текст] / Долбоор, 2012.- 16 б.

3. Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты https://edu.gov.kg/media/uploads/2022/09/09/zijlce.pdf

4. Калдыбаев, С.К. Измерение уровня подготовленности учащихся по ключевым понятиям учебного материала [Текст]/ С.К. Калдыбаев //Педагогические измерения, №3, 2006. –С. 33-46.